КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ
"С.ЮСУПОВА АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ"

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН
"АЙЫЛНЫЙ ОКМОТ С.ЮСУПОВОЙ АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

11.08.25 № 143 Эрке-Кашка айылы

**Араван райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 11-июлундагы № 01-14/147 сандуу буйругун аткарууга алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы "2025- 2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" №137 Жарлыгыменен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегиянын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын түзүү, отчеттуулуктун ачык-айкындыгын жана бир түрдүүлүгүн камсыз кылуу, анын аткарылышына контролдун натыйжалуулугун жогорулатуу жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 27-июнундагы №547-т тескемесин аткарууга алуу максатында **буйрук кылам:**

1. Араван райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 11-июлундагы № 01-14/147 сандуу буйругу аткарууга алынсын.
2. С.Юсупова айыл өкмөтүнүн тиешелүү кызматкерлери:
- тескемени ишке ашыруу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн;
- тескеменин 1-2-3-4-тиркемелерине (тиркелет) ылайык маалыматтарды Коррупцияга каршы мамлекеттик саясатты ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү жана баалоо тартиби жөнүндө Жобонун (тиркелет) көрсөтмөлөрү негизинде кварталдык жана жылдык мезгилдер менен кийинки айдын 5нен кечиктирбей райондук мамлекеттик администрациясына берилип турулсун.

3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башкы адиси Б.Шайымкуловго жүктөлсүн.

**Башчы** **С.Т.Дүмүров**